**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жыл үчүн бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетуна түшүндүрмө кат**

# I. Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) бюджетинин жалпы кирешеси 103 180,0 млн. сомду түздү. 2022-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешеси 21 616,0 млн. сомго же 126,5 %га көбөйдү. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин кирешеси 8,4 %ды түздү.

(млн. сом)

| | 2022-жылы аткарылышы | 2023-жылга бюджет | 2023-жылы аткарылышы | 2022-жылга 2023-жылы | | 2023-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫК КИРЕШЕЛЕР** | **81 563,9** | **101 777,5** | **103 180,0** | ***21 616,0*** | ***126,5*** | ***1 402,4*** | ***101,4*** |
| *ИДП %* | *8,9* | *9,4* | *8,4* | | | | |
| 1.Камсыздандыруу төгүмдөрү | 51 592,6 | 62 878,0 | 63 964,0 | *12 371,4* | *124,0* | *1 086,0* | *101,7* |
| 2. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар | 29 352,3 | 37 789,0 | 37 789,0 | *8 436,7* | *128,7* | *0,0* | *100,0* |
| 3. Башка киреше | 619,0 | 1 110,6 | 1 427,0 | *808,0* | *230,5* | *316,4* | *128,5* |

## 1. Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 63 964,0 млн. сомду же белгиленген пландык тапшырманын 101,7 % түздү. Өткөн жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрү 124,0 %, же 12 371,4 млн. сомго өстү.

2022-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өсүшү биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы № 95 «Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө» Жарлыгына ылайык менен 2022-жылдын 1-апрелинен жана 1-августунан баштап бюджет чөйрөсүндө иштеген кызматкерлердин эмгек акысынын эки этап менен жогорулашы жана юридикалык жактардан камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнүн өсүшү менен шартталган.

**Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү**

(млн. сом)

| | 2022-жыл аткарылышы | 2023-жылга бюджет | 2023-жылы аткарылышы | 2022-жылга карата 2023-жыл | | 2023-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | в % | +/- | в % |
| **Камсыздандыруу төгүмдөрү** | **51 592,6** | **62 878,0** | **63 964,0** | ***12 371,4*** | ***124,0*** | ***1 086,0*** | ***101,7*** |
| Юридикалык жактар | 49 621,0 | 60 849,9 | 61 502,9 | *11 881,9* | *123,9* | *653,0* | *101,1* |
| Дыйкан, фермердик | 261,9 | 262,9 | 273,8 | *11,9* | *104,6* | *10,9* | *104,2* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| чарбалар | | | | | | | |
| Жеке ишкерлер | 1 709,7 | 1 765,2 | 2 187,3 | *477,6* | *127,9* | *422,1* | *123,9* |

## 2. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар

2023-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түшүшү 37 789,0 млн. сомду түздү же 2021-жылга салыштырмалуу 8 436,7 млн. сомго көбөйдү.

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын көбөйүшү пенсиянын базалык бөлүгүнүн белгиленген өлчөмүнүн өсүшүнө, пенсионерлердин санын көбөйүшүнө жана макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшүнө байланыштуу.

(млн. сом)

| | **2022-жыл аткары-лышы** | **2023-жыл** | | **2022-жылга өсүшү** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **бюджет** | **аткарылышы** | **+/-** | **%** |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 18 867,5 | 26 582,1 | 26 582,1 | *7 714,6* | *140,9* |
| Электр энергиясы үчүн компенсация | 2 009,8 | 2 000,2 | 2 000,2 | *-9,6* | *99,5* |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 4 078,6 | 4 143,8 | 4 143,8 | *65,2* | *101,6* |
| Аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул | 125,4 | 61,0 | 61,0 | *-64,4* | *48,6* |
| Пенсия жана пенсияларга үстөк акылар | 4 271,0 | 5 001,9 | 5 001,9 | *730,9* | *117,1* |
| **БАРДЫГЫ** | **29 352,3** | **37 789,0** | **37 789,0** | ***8 436,7*** | ***128,7*** |

## 3. Башка кирешелердин түшүшү

Социалдык фонд туумдардан жана айыптардан, Социалдык фонддун эсептериндеги акча каражаттардын күнүмдүк калдыктарына эсептелген пайыздардан, дивиденддерден ж.б. булактардан 1 427,0 млн. сом киреше алды.

(млн. сом)

| | **2022-жыл аткары-лышы** | **2023-жыл бюджет** | **2023-жыл аткары-лышы** | **2023-жыл 2022-жылга карата** | | **2023-жылдын бюджетине карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **Бардыгы, анын ичинде:** | **619,0** | **1 110,6** | **1 427,0** | ***808,0*** | ***230,5*** | ***316,4*** | ***128,5*** |
| ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 119,4 | 146,4 | 146,4 | *27,0* | *122,6* | *0,0* | *100,0* |
| убактылуу бош акча каражаттарын МБК жайгаштыруудан түшкөн киреше | 92,1 | 272,3 | 272,3 | *180,2* | *295,7* | *0,0* | *100,0* |
| камсыздандыруу төгүмдөрүн кечиктирип жана толук эмес төлөгөндүгү үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 174,0 | 280,0 | 422,8 | *248,8* | *243,0* | *142,8* | *151,0* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 214,9 | 405,0 | 560,3 | *345,4* | *260,7* | *155,3* | *138,3* |
| пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 8,2 | 2,0 | 2,9 | *-5,2* | *36,1* | *0,9* | *146,9* |
| регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 7,4 | 2,8 | 10,7 | *3,3* | *144,8* | *7,9* | *383,6* |
| Башка түшкөн каражаттар | 3,0 | 2,0 | 11,4 | *8,4* | *381,6* | *9,4* | *570,0* |

**2023-жылы Социалдык фондуна таандык акционердик коомдордун акциялары боюнча дивиденддердин түшүшү жөнүндө маалымат**

2023-жылы Социалдык фондго төмөндөгү акционердик коомдордон 146,4 млн. сом дивиденддер түштү:

- «Манас» эларалык аэропорту» ААК - 112,8 млн. сом;
- «Кыргызнефтегаз» ААК - 33,6 млн. сом.

## II. Социалдык фонддун бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы

Социалдык фонддун бюджетинин жалпы чыгымдары 90 297,4 млн. сомду түздү, бул тактралган бюджеттен 421,9 млн. сомго аз. 2022-жылга салыштырмалуу бюджеттин чыгымдары 19 115,6 млн. сомго же 126,9 %га көбөйдү. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары 7,3 %ды түздү.

Пенсиялык фонд боюнча чыгымдар 81 054,3 млн. сом суммасында аткарылды, 2022-жылга салыштырмалуу өсүш 16 844,0 млн. сомду түздү, бул пенсионерлердин санынын жыл сайын өсүшү жана пенсиялардын жогорулашы менен шартталган.

(млн. сом)

| | 2022-жыл аткарылышы | 2023-жыл бюджет | 2023-жыл аткарылышы | 2022-жылга карата 2023-жыл | | 2023-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫК ЧЫГЫМДАР** | **71 181,8** | **90 719,3** | **90 297,4** | ***19 115,6*** | ***126,9*** | ***-421,9*** | ***99,5*** |
| ИДПга % | *7,7* | *8,4* | *7,3* | | | | |
| **Пенсиялык фонд боюнча, анын ичинде:** | **64 210,2** | **81 780,5** | **81 054,3** | ***16 844,0*** | ***126,2*** | ***-726,3*** | ***99,1*** |
| ИДПга % | *7,0* | *7,6* | *6,6* | | | | |
| пенсия жана жөлөкпулдар | 62 815,5 | 79 925,2 | 79 290,6 | *16 475,1* | *126,2* | -634,6 | *99,2* |
| пенсия жана жөлөкпулдарды чектөө жана жеткирүү боюнча чыгымдар | 340,4 | 425,4 | 422,5 | *82,2* | *124,1* | *-2,9* | *99,3* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Социалдык фонддун эсептерин тейлөө чыгымдары | 12,7 | 15,5 | 14,9 | *2,2* | *117,7* | *-0,6* | *96,4* |
| административдик чыгымдар | 986,3 | 1 086,0 | 1 024,6 | *38,3* | *103,9* | *-61,4* | *94,3* |
| резервдик фонд | 2,0 | 2,0 | 2,0 | *-0,0* | *100,0* | *-0,0* | *100,0* |
| өнүктүрүү фонду | 49,1 | 322,1 | 295,3 | *246,2* | *601,6* | *-26,8* | *91,7* |
| мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө | 4,3 | 4,3 | 4,3 | *-0,0* | *100,0* | *0,0* | *100,0* |
| **Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча** | **3 541,6** | **4 701,5** | **4 701,5** | ***1 160,0*** | ***132,8*** | ***0,0*** | ***100,0*** |
| **Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фонду боюнча** | **515,8** | **738,2** | **738,2** | ***222,5*** | ***143,1*** | ***0,0*** | ***100,0*** |
| **Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд боюнча** | **2 914,3** | **3 499,1** | **3 803,4** | ***889,2*** | ***130,5*** | ***304,4*** | ***108,7*** |

## Пенсияларды жогорулатуу

Пенсионерлердин турмуш деңгээлин мындан ары камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 26-сентябрындагы № 504 «2023-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо жөнүндө» токтому кабыл алынган, ага ылайык пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрү отуз миң сомго чейинки пенсиялар үчүн 38 %га, бирок 500 (беш жүз) сомдон кем эмес көбөйтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-январындагы № 3 токтомуна ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып мөөнөттүү кызматтагы солдаттардын жана матростордун ичинен аскер кызматчыларына майыптыгы боюнча пенсиянын минималдуу өлчөмү 6300 сом өлчөмүндө белгиленген.

Мындан тышкары, Чернобыль АЭСиндеги жана жарандык же аскердик багыттагы башка атомдук объекттердеги авариянын кесепеттерин жоюуга катышуучулардын пенсияларына төмөнкүдөй өлчөмдөрдө компенсациялык төлөөлөр белгиленген:

1) пенсиясынын өлчөмү 6300 сомдон ашкан адамдарга - 1000 сом;

2) пенсиясынын өлчөмү 6300 сомго жетпеген адамдарга - 6300 сом менен алган пенсиясынын өлчөмүнүн ортосундагы айырма катары аныкталган, бирок 1000 сомдон кем эмес өлчөмдө.

## Резервдик фонддун пайдаланышы

2023-жылга Социалдык фонддун бюджетинде Резервдик фонддун чыгымдары 2,0 млн. сом суммасында белгиленген.

Бюджеттин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча кайрымдуулук жардага Резервдик фонддун чыгымдары 2,0 млн. сомду түздү. Майыптар күнүнө жана Карылар күнүнө карата кайрымдуулук жардам көрсөтүлдү.

## Өнүктүрүү фондунун пайдаланышы

2023-жылга Социалдык фонддун бюджетинде Өнүктүрүү фондунун чыгымдары 322,1 млн.сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 295,3 млн. сом пайдаланылды.

## Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун,

### Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондунун каржыланышы

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоого 2023-жылы бюджетте 4 701,5 млн. сом каралып, толук көлөмдө каржыланды.

Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондун каржылоого бюджетте 738,2 млн. сом каралып, толугу менен каржыланды.

### Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду

Жалпысынан 2023-жылы Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун (мындан ары – МТПФ) каражаттарынан мамлекеттик баалуу кагаздарга жана депозиттерге 13 631,7 млн. сом инвестицияланды.

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарын инвестициялоодон 2023-жылы 4 321,9 млн. сом киреше түштү.

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелери**

(млн. сом)

| | 2022-жыл аткарылышы | 2023-жыл бюджет | 2023-жыл аткарылышы | 2022-жылга карата 2023-жыл | | 2023-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **МТПФ КИРЕШЕЛЕРИ** | **6 486,4** | **7 790,2** | **8 136,3** | ***1 649,7*** | ***125,4*** | ***346,1*** | ***104,4*** |
| 1. Камсыздандыруу төгүмдөрү | 2 914,3 | 3 499,1 | 3 803,4 | *889,1* | *130,5* | *304,3* | *108,7* |
| 2. МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн каражаттар, анын ичинен: | 3 571,9 | 4 291,2 | 4 321,9 | *750,0* | *121,0* | *30,7* | *100,7* |
| МТПФ эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 12,9 | 21,7 | 23,1 | *10,2* | *179,1* | *1,4* | *106,5* |
| мамлекеттик баалуу кагаздардан | 2 928,6 | 3 589,8 | 3 589,8 | *661,2* | *122,6* | *0,0* | *100,0* |
| депозиттерден | 630,4 | 679,6 | 709,0 | *78,6* | *112,5* | *29,4* | *104,3* |
| 3. Башка кирешелер | 0,3 | 0,0 | 10,9 | *10,6* | *3 633,3* | *10,9* | - |

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун чыгымдары**

пенсиянын топтомо бөлүгүнөн төлөмдөр 2023-жылы 1 090,8 млн. сомду түздү. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу менен байланышкан чыгымдар 14,0 млн. сомду түздү.

(млн. сом)

| | **2022-жыл аткары-лышы** | **2023-жыл бюджет** | **2023-жыл аткары-лышы** | **2022-жылга карата 2023-жыл** | | **2023-жылдын бюджетине карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **МТПФ ЧЫГЫМДАРЫ** | **701,7** | **1 383,8** | **1 136,8** | ***435,2*** | ***162,0*** | ***-246,9*** | ***82,2*** |
| Пенсиялык топтоолорду төлөп берүү | 665,8 | 1 300,0 | 1 090,8 | *425,0* | *163,8* | *-209,2* | *83,9* |
| ТПФ каражаттарды которуу | 21,7 | 30,0 | 27,3 | *5,6* | *125,8* | *-2,7* | *91,0* |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу менен байланышкан чыгымдар | 11,9 | 43,8 | 14,0 | *2,1* | *117,6* | *-29,8* | *32,0* |
| Башка классификация-ланбаган чыгымдар | 2,2 | 10,0 | 4,7 | *2,5* | *213,6* | *-5,3* | *47,0* |

**2024-жылдын 1-январына карата жеткирүүчүлөр боюнча дебитордук карыздар тууралуу маалымат**

(миң сом)

| **Жеткирүүчүлөр** | **Багыты** | **Суммасы** |
|---|---|---|
| «Кыргызтелеком» ААКы | байланыш кызматы | 70,5 |
| «Винлайн» ЖЧКсы | | 0,2 |
| «Северэлектро» ААКы | электр энергиясы | 31,7 |
| «Кыргыз Тоо Таш» ААКы | | 7,3 |
| Баткен РЭС | | 0,4 |
| «Газпром Нефть Азия» ЖЧКсы | күйүүчү май | 32,9 |
| ЖИ Молдомамытов | | 25,8 |
| «Кыргыз Нафта» ЖЧКсы | | 6,6 |
| ЖИ Якубов А.К. | | 3,2 |
| «Кыргызнефтепродукт» ЖАКы | | 0,3 |
| «ШНОС» ЖЧКсы | | 34,2 |

| | | |
|---|---|---|
| «Кылым» ЖЧКсы | | 61,6 |
| «Партнернефть» ЖЧКсы | | 19,8 |
| «Бишкексууканал» ӨЭБ | суу | 2,6 |
| Турак жай-экплуатациялык өндүрүштүк Комфорт-Каинда» кооперативи | | 0,3 |
| «Газпром Кыргызстан» ЖЧКсы | газ | 2,8 |
| «Тазалык» МИ | таштанды чыгаруу үчүн | 1,4 |
| «Таза Айыл» МИ | | 0,4 |
| «Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты» коммуналдык ишканасы | | 1,1 |
| «Кыргызпочтасы» МИ | почта кызматтары үчүн | 10,2 |
| «Байхан Компани» ЖЧКсы | административдик имарат куруу | 905,0 |
| «Кыргызкөмүр» МИ | көмүр | 0,6 |
| «Тродат» ЖЧКсы | полиграфиялык өндүрүш | 0,1 |
| «Атайын байланыш кызматы» МИ | атайын байланыш кызматтары үчүн | 3,1 |
| ЖИ Абдымомунов Медет | башка чыгымдар | 7,5 |
| **Бардыгы** | | **1 229,8** |

**2024-жылдын 1-январына карата жеткирүүчүлөр**
**боюнча кредиттик карыздар тууралуу маалымат**

(миң сом)

| Жеткирүүчүлөр | Багыты | Сумма |
|---|---|---|
| «Кыргызтелеком» ААКы | байланыш кызматы | 11,0 |
| «Северэлектро» ААКы | электр энергиясы | 5,6 |
| ААК «КУЭТ» Чүй электр тармактар ишкана филиалы | | 1,0 |
| «Бишкексууканал» ӨЭБ | суу | 6,9 |
| «Ошшаарсууканал» МИ | | 1,8 |
| « Бишкекжылуулуктармагы » ААКы | жылуулук энергиясы | 242,0 |
| «Кыргыз почтасы» МИ | почта кызматтары үчүн | 75,0 |
| Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду | бланк продукциясы үчүн | 3,8 |
| «Жал-Эрк» ЖЧКсы | учурдагы ондоого кеткен чыгымдар | 56,7 |

| | | |
|---|---|---|
| «НД Строй» ЖЧКсы | капиталдык ремонт | 71,7 |
| ЖИ Букуралиева М. | коомдук мамилелер | 0,5 |
| «Гамма-Строй-Сервис» ЖЧКсы | утурумдук ремонтко чыгымдар | 66,0 |
| ЖИ Конокбаев Д.Ш. | счетчик сатып алуу | 8,5 |
| «Кыргызсуудолбоор» ААКы | жайларды ижарага алуу | 0,1 |
| ЖИ Абдуллаев Дмитрий Викторович | картриджderди толтуруу | 41,2 |
| «Достек групп» ЖЧКсы | электрондук санариптик кол коюу | 86,8 |
| «Алтын Тамга» ЖЧКсы | басылган материалдар үчүн | 1,0 |
| «Эдем принт» ЖЧКсы | басылган материалдар үчүн | 12,2 |
| **Баардыгы** | | **691,5** |

**Пландаштырылган максаттар боюнча жыйынтык көрсөткүчтөргө жетүү жөнүндө маалымат**

(млн. сом)

| **Аталышы** | **Мурунку жылдын көрсөткүчтөрү** | **Көрсөт-күчтүн пландык мааниси** | **Көрсөт-күчтүн анык мааниси** | **Көрсөткүчтөрдүн жетишүү даражасы (%)** | **Өткөн жылдагы көрсөткүчкө жетишүү даражасы (%)** |
|---|---|---|---|---|---|
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 51 592,6 | 62 878,0 | 63 964,0 | *101,7* | *124,0* |
| Башка кирешелер | 619,0 | 1 110,6 | 1 427,0 | *128,5* | *230,5* |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн кирешелер | 3 571,9 | 4 291,1 | 4 321,9 | *100,7* | *121,0* |
| Пенсияларды каржылоо | 58 416,4 | 74 912,4 | 74 312,8 | *99,2* | *127,2* |
| Аскер кызматчыларынын пенсияларын каржылоо | 3 897,7 | 4 273,2 | 4 247,5 | *99,4* | *109,0* |
| ММКФ каржылоо | 3 541,6 | 4 701,5 | 4 701,5 | *100,0* | *132,8* |
| ЭДЧФ каржылоо | 515,8 | 738,2 | 738,2 | *100,0* | *143,1* |

2023-жылга Социалдык фонддун бюджети 11 058,2 млн. сом профицит менен бекитилген.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджети 12 882,5 млн. сом профицит менен аткарылды.

**Кыргыз Республикасынын**
**Социалдык фондунун төрагасы** **Б.Дж. Алиев**